**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ**
**ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ**

**«Б Е К И Т Е М»**
К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университеттин ректору
_______________
э.и.д., профессор А.К. Кантөрөева
2024-жылдын 26-" августу

# К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин 2024-2025-окуу жылына уюштуруу-тарбия иштеринин КОМПЛЕКСТҮҮ МЕРЧЕМИ




**Жалал-Абад ш. – 2024-ж.**

# К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин уюштуруу-тарбия иштеринин КОНЦЕПЦИЯСЫ

ЭАУнун ректораты, профессор-окутуучулар курамы студенттер менен уюштуруу-тарбия иштерин жүргүзүүдө улуттук жана дүйнөлүк педагогиканын мыкты салттарын эске алышат жана карманышат. Муну менен бирге, азыркы заманбап илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн базасын жетекчиликке алып, эркин демократиялык коомдун жана диний эмес мамлекеттин принциптерин карманып, мекенчилдикке жана жарандык биримдикке, улуттар аралык ынтымакка чакырышат. Бул аракеттер менен окуу жай студентти аң-сезими, адамдык касиеттери жогору, кесиптик билими сапаттуу, сергек жана жигердүү жашоо ыңгайындагы инсан, мекенчил жаран катары тарбиялоого багыт алат.

Тарбиялык иштерди мерчемдөөдө ЭАУ ректораты Кыргыз Республикасынын президентинин 2021-2026-жылдарга эсептелеген “Кыргыз жараны” жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын, 2022-жылдын 20-майындагы №157 “Улуттук нарк” жөнүндө жарлыгын улуттук идеологиянын негиздери катары жетекчиликке алат.

Уюштуруу-тарбия иштеринин жараяны ЭАУнун жаштар бирикмелери, ошондой эле аймактык, республикалык деңгээлдердеги башка жаштар уюмдары менен активдүү кызматташуу менен иш жүзүнө ашырылат.

ЭАУнун уюштуруу-тарбия иштерин жөнгө салган негизги документ ушул комплекстүү мерчем болуп эсептелет. Бул мерчем университеттин бардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, окуу тайпаларынын кураторлорунун уюштуруу-тарбия иштеринин пландарынын түзүлүшүн, мазмунун аныктайт.

ЭАУнун уюштуруу-тарбия иштеринин жөнгө салуучу-укуктук негизи катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, окуу жайдын негиздөөчүсү – Кыргыз кооперативдер биримдигинин укук-ченемдик актылары, көрсөтмөлөрү, о.э. окуу жайдын уставы жана ички тартип эрежелери эсептелет.

Уюштуруу-тарбия иштери боюнча мерчемдүү аракеттер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бул багыттагы укук-ченемдик актыларына, көрсөтмөлөрүнө негизинде жүргүзүлөт.

# К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин (ЭАУ) 2024-2025-окуу жылына уюштуруу-тарбия иштеринин
# К О М П Л Е К С Т Ү Ү  М Е Р Ч Е М И

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Өткөрүү мөөнөттөрү | Жооптуулар | Тактоолор | Иш-чаралардын багыттары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **31 - август - Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө** карата областтык жана шаардык иш-чараларга катышуу. | 2024-ж. 31.08. | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маданий-эстетикалык борбордун директору, кафедралардын башчылары, ҮАББИ, ЭАКТИ, ГЭК, ЭАКТК, ЭАМК директорлору, күндүзгү бөлүмдөгү окуу тайпаларынын кураторлору, Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы. | 2024-ж. 19.08. студенттерди алдын ала даярдоо, катыштыруу. | Жарандык тарбия, мекенчилдикти тарбиялоо боюнча иш-чаралар. |
| 2. | ***"Жашасын эгемендүү Кыргызстан!"*** мазмунундагы жазууну окуу жайдын башкы имаратынын алдына чыгаруу. | 2024-ж. 31.08. | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, чарба бөлүмүнүн башчысы. | Жазуу 2024-ж. 25.08. чейин даярдалсын. | Жарандык тарбия, мекенчилдикти тарбиялоо боюнча иш-чаралар. |
| 3. | **Жаңы 2024-2025-окуу жылынын** баштапкы уюштуруу жыйынын салтанаттуу түрдө өткөрүү. ***"Жаңы окуу жылыңыздар менен куттуктайбыз!"*** мазмунундагы жазууну окуу жайдын башкы имаратынын алдына чыгаруу. | 2024-ж. 1.09. | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маданий-эстетикалык борбордун директору, кафедралардын | Аудио-музыкалдык аппаратураны, майрамдык обон-ырларды, куттуктоолорду алдын ала даярдоо. | Уюштуруу иш-чарасы. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | башчылары, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК, ЭАКТЛ директорлору, күндүзгү бөлүмдөгү окуу тайпаларынын кураторлору, чарба бөлүмү. | | |
| 4. | **1-курстун студенттери үчүн ЭАУнун ички эрежелери боюнча чогулуштарды** өткөрүү: окуу жараяны, жүрүш-туруш тартиби, жатаканага жайгашуу, окуу акысы, кураторлор менен таанышуу ж.у.с. маселелер боюнча. | 2024-ж. 1.09. | Окуу иштери боюнча проректор, окуу-көзөмөл департаменти, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК, ЭАКТЛ директорлору, окуу тайпаларынын кураторлору, чарба бөлүмүнүн башчысы. | 1-курстагы окуу тайпаларынын кураторлору алдын ала дайындалсын. | Уюштуруу иш-чарасы. |
| 5. | Окуу жайдын ички жана жанаша аймактарында **ишембиликтерди өткөрүү**. | 2024-ж. сентябрь айынын 3-декадасы | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, кафедралардын башчылары, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекциялары, окуу тайпаларынын кураторлору, чарба бөлүмүнүн башчысы. | Ишембилик өткөрүлүүчү аймактар, күнү-сааты алдын ала аныкталсын. | Эмгектик жана экологиялык тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 6. | **20-сентябрь – Ишкерлер күнүн** белгилөө. | 2024-ж. 20.09. | ЭАУнун экономика жана каржы кафедрасы, ГЭКтин эсеп-каржы сабактар кафедрасы. | Жаштарды ишкердик аракеттерге үндөө мазмунунда өткөрүлсүн. Жаштар менен жолугушууга ийгиликке жетишкен ишкерлер чакырылсын. | Эмгектик жана кесиптик тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 7. | **23-сентябрь – Мамлекеттик (кыргыз) тил күнүн** белгилөө. | 2024-ж. 23.09. | Мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин кафедра | Майрамдык маанайда, тарыхый окуяларды | Жарандык тарбия, мекенчилдикти |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | башчысы, ГЭКтин жалпы билим берүүчү сабактар кафедрасынын башчысы, Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет. | сахналаштыруу, кыргыз улуттук каада-салттарын, ыр-бийлерин, фольклорун көрсөтүү менен өткөрүлсүн. | тарбиялоо боюнча иш-чаралар. |
| 8. | ЭАУнун студенттери арасында студенттик **өзүн-өзү башкаруу уюмдарын түзүү** боюнча жалпы чогулушту өткөрүү: *студенттик парламент, жатакана кеңеши, омбудсмен ж.у.с. маселелер.* | 2024-ж. сентябрь айынын 3-декадасы | Жаштар иштери боюнча комитеттин төрагасы, жатакана тарбиячылары. | Бул маселелер студенттердин лидерлери жана активисттери менен алдын ала макулдашылсын. Ар бир окуу тайпасынын өкүлдөрүнүн жөнөтүлүшү каралсын. | Уюштуруу иш-чарасы. |
| 9. | Кезектеги спорттук мелдештерге даярдыкты камсыздоо, окуу жайдын курама командаларына спортсмендерди тандоо максатында **спорт түрлөрү боюнча күзгү мелдештерди** өткөрүү. | 2024-ж. сентябрь айынын 3-декадасы | Дене тарбия жана спорт кафедрасы. | Студенттер арасында спорттук мелдештерди өткөрүү. Мелдештер тартиби жана сыйлыктар маселеси алдын ала каралсын. | Дене тарбиясы, спортту, сергек жашоо ыңгайын үгүттөө, жайылтуу боюнча иш-чаралар. |
| 10. | **Мугалимдердин бүткүл дүйнөлүк күнүн** белгилөө. | 2024-ж. 05.10. | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, педагогика кафедрасы, педагогика жана окутуу усулуяты кафедрасы, Маданий-эстетикалык борбор, адам ресурстарын башкаруу бөлүмү. | Концерттик программасы менен салтанаттуу чогулуш өткөрүлсүн. Областтык, шаардык сыйлыктарга татыктуулар тизмеси алдын ала такталсын. | Жарандык тарбия, мекенчилдикти тарбиялоо боюнча иш-чаралар. |
| 11. | 1-курстагыларга **“Студент” наамын ыйгаруу** салтанатын өткөрүү. | 2024-ж. октябрь айынын 1-декадасы | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, кафедралардын башчылары, УАББИ, | Программада төмөнкүлөр каралсын:<br>- салтанаттуу ант берүү аземи;<br>- концерт (ырлар, бийлер, көркөм окуу); | Массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекциялары, Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет. | - тамашакөйлөр жана амалкөйлөр (КВН) оюндары ж.у.с. | |
| 12. | Окуу жайдын ички жана жанаша аймактарында **ишембиликтерди өткөрүү**. | 2024-ж. ноябрь ичи | Чарба бөлүмү, Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК директорлору. | Ишембилик өткөрүлүүчү аймактар, күнү-сааты алдын ала аныкталсын, шаймандар, таштанды чыгаруучу унаа алдын ала даярдалсын. | Эмгектик жана экологиялык тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 13. | **1-ноябрь – Кыргыз Республикасынын Милиция кызматкерлеринин күнүн белгилөө.** Студенттер арасында кылмыштуулуктун алдын алуу, укуктук тарбия, кесиптик берүү үчүн ИИМдин областтык, шаардык башкармалыктарынын кызматкерлери менен жолугушууларды өткөрүү. | 2024-ж. 1.11. | ҮАББИ, ГЭКтин юридикалык багыттагы кафедраларынын башчылары. | ИИМдин областтык, шаардык башкармалыктары менен алдын ала макулдашуу менен *(эстеликке чакан белектер берилиши эске алынсын).* | Укуктук тарбия, кесиптик тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 14. | **17-ноябрь – Студенттердин эл аралык күнүн** белгилөө. | 2024-ж. 17.11. | Жаштар иштери боюнча комитет, Маданий-эстетикалык борбор. | Жалал-Абад шаардык мэриясынын жаштар менен иш алып барган бөлүмүнүн көрсөтмөсү боюнча. | Массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |
| 15. | **1-декабрь – СПИД менен күрөшүүнүн бүткүл дүйнөлүк күнүнө** карата адистештирилген медициналык мекемелердин кызматкерлери менен аталган тема жана башка жугуштуу жыныстык оорулар темасы боюнча жолугушууну уюштуруу. | 2024-ж. 01.12. | ЭАМК дирекциясы, медициналык түйүн. | Үгүт-насаат акциясы өткөрүлүп, көрсөтмө куралдар, компьютердик презентация колдонулсун. | Дене тарбия жана спортту, сергек жашоо ыңгайын үгүттөө, жайылтуу боюнча иш-чаралар. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 16. | **Кыргыз Республикасынын элдик жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүн** (1928.12.12) **белгилөө** | 2024-ж. 12.12. | Мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин кафедрасынын башчысы, ГЭКтин жалпы билим берүүчү сабактар кафедра башчысы, Маданий-эстетикалык борбор. | Студенттик конференция, жазуучунун чыгармаларын сахналаштыруулар, дубал газеталарынын кароо-сынагы, Айтматовдук окуулар сыяктуу иш-чаралар өткөрүлсүн. | Эстетикалык тарбия. |
| 17. | Студенттер үчүн **Жаңы жылдык бий кечесин,** окутуучулардын жана кызматкерлердин балдары үчүн **Жаңы жылдык балаты майрамын** өткөрүү,<br>ЭАУ башкы имаратынын кире беришинде, жыйындар залында ***“Жаңы жылыңыздар менен куттуктайбыз!”*** мазмунундагы жазууну тагуу. | 2024-ж. 23-25.12. | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет, ЭАКТЛ дирекциясы. | Балаты, кооздоочу оюнчуктар, түстүү тасмалар жана үйлөмө шарлар, белектер, майрамдык программа, дискотекалык фонотека, жарыялар алдын ала даярдалсын.<br>Жыйындар залы (БАЗ) майрамдык түрдө 1 күн мурун жасалгалансын. | Массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |
| 18. | **Профессор-окутуучулар курамы жана кызматкерлер арасында Спартакиаданы** өткөрүү. | 2025-ж. январь-февралы | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, дене тарбия жана спорт кафедрасы. | Өткөрүү күнүн, командалар курамын, сыйлыктар фондун, сыйлыктарды ректорат менен алдын ала макулдашуу менен. | Дене тарбия жана спортту, сергек жашоо ыңгайын үгүттөө, жайылтуу, боюнча иш-чаралар. |
| 19. | **21-февраль – Эл аралык Эне тил күнүн** белгилөө. | 2025-ж. 21-февраль | Мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин кафедрасы, чет тилдер, котормо теориясы ж/а тажрыйбасы кафедрасы, ГЭКтин жалпы билим берүүчү сабактар кафедрасы, ЭАКТИнин эл аралык мамилелер ж/а | Мамлекеттик тилди жана улуттук адабиятты, маданиятты, Кыргызстандагы улуттардын, шериктеш мамлекеттердин тилин, адабиятын жана маданиятын даана, | Жарандык тарбия, мекенчилдикти тарбиялоо, эстетикалык тарбия, маданияттардын алмашуулары боюнча иш-чаралар. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | жалпы териялык сабактар кафедрасы, Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет. | жаркын түрдө чагылдырган маданий-массалык иш-чараны (тилдер жана маданияттар фестивалы, жумалыгы ж.у.с.) өткөрүү. | |
| 20. | **23-февраль – Ата Мекенди коргоочулар күнүн** белгилөө. | 2025-ж. 21.02. | Дене тарбия жана спорт кафедрасы, ҮАББИ, ГЭКтин юридикалык багыттагы кафедралары. | Аскердик-спорт оюндарын өткөрүү. | Жарандык тарбия жана мекенчилдикти тарбиялоо боюнча иш-чаралар. |
| 21. | **8-март – Аялдардын эл аралык күнүн** белгилөө: майрамдык концерт. | 2025-ж. 8.03. | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет, Аялдар кеңеши. | Майрамдык концерт эмгек жамааты жана студенттер үчүн. | Эстетикалык тарбия, массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |
| 22. | **21-март – Нооруз майрамын** белгилөө - окуу жайда сүмөлөк даярдоо, анын тегерегинде майрамдык шаң берүү – ыр, музыка, бийлер; шаардын майрамдык иш-чараларына катышуу; ***«Нооруз майрамыңыздар куттуу болсун!»*** мазмунундагы жазууну башкы имараттын кире беришине тагуу. | 2025-ж. 21.03. | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, Маданий-эстетикалык борбордун директору, чарба бөлүмүнүн башчысы. | Шаардын иш-чараларына катышууну мэрия менен алдын ала макулдашуу менен. | Жарандык тарбия, массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |
| 23. | Окуу жайдын ички жана жанаша аймактарында жазгы **ишембиликтерди** өткөрүү. | 2025-ж. апрель ичи | Чарба бөлүмү, Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК, ЭАКТЛ директорлору.. | Өткөрүү тартиби, аймактардын бөлүштүрүлүшү алдын ала жүргүзүлсүн. | Эмгектик жана экологиялык тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 24. | **“1-апрель кош майрам: ЭАУнун туулган күнү жана тамаша майрамы!”** урааны менен | 2025-ж. 01.04. | Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет, ҮАББИ, | Тамашакөйлөр жана амалкөйлөр сынагын, майрамдык концерт | Массалык маданий-көңүл ачуу, эстетикалык тарбия |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | майрамдык салтанат өткөрүү. | | ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК директорлору. | өткөрүү керек. | иш-чарасы. |
| 25. | **3-апрель – Кыргыз Республикасынын бухгалтерлер жана аудиторлор** күнүн белгилөө. | 2025-ж. 3.04. | Бухгалтердик эсеп, талдоо жана көзөмөл кафедрасынын башчысы, ГЭКтин эсеп-каржы сабактар кафедрасы. | Студенттик конференция, ар кандай сынактар, викториналар түрүндө, концерттик коштоо менен өткөрүлсүн. | Кесиптик тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 26. | **6-апрель – Дене тарбиячылар жана дене тарбия, спорт кызматкерлеринин күнүн** белгилөө. | 2025-ж. 6.04. | Дене тарбия жана спорт кафедрасы. | Студенттер арасында спорттук мелдештерди өткөрүү. Мелдештер тартиби жана сыйлыктар маселеси алдын ала каралсын. | Дене тарбиясы, спортту, сергек жашоо ыңгайын үгүттөө, жайылтуу боюнча иш-чаралар. |
| 27. | **24-апрель – Жаштардын эл аралык майрамын** белгилөө (мэриянын иш-чараларына активдүү катышуу). | 2025-ж. 24.04. | Жаштар иштери боюнча комитет. | Шаардык мэриянын Жаштар иштери боюнча комитети менен макулдашуу боюнча. | Жарандык тарбия, массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |
| 28. | **5-май – Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнүн** белгилөө. | 2025-ж. 3.05. | ҮАББИ, ГЭКтин юридикалык багыттагы кафедралары, Маданий-эстетикалык борбор. | Куттуктоолору менен транспарант, дубал газеталарын чыгаруу, конституциялык укук боюнча тегерек стол, угууларды өткөрүү . | Жарандык тарбия жана укуктук тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 29. | **9-май – Улуу Ата-Мекендик согушта жеңиш күнүн** белгилөө: шаардын майрамдык иш-чараларына катышуу; окуу жайдын башкы имаратынын кире беришине «9-МАЙ-УЛУУ ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ МЕНЕН КУТТУКТАЙБЫЗ!» мазмунундагы жазууну чыгаруу, фойеде «Эч ким, эч нерсе унутулбайт!” темасында дубал | 2025-ж. 9.05. | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маданий-эстетикалык борбордун директору, Жаштар иштери боюнча комитеттин төрагасы, философия жана табигый илимдер кафедрасы. | Шаардык иш-чаралар боюнча мэрия менен макулдашуу. | Жарандык тарбия, мекенчилдикти тарбиялоо боюнча иш-чаралар. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | газеталарын чыгаруу. | | | | |
| 30. | **12-май - Медициналык айымдардын бүткүл дүйнөлүк күнүн** белгилөө. | 2025-ж. 12.05. | ЭАУнун Эл аралык медициналык колледжинин дирекциясы, Маданий-эстетикалык борбор. | Кесиптик темага арналган массалык-маданий иш-чара өткөрүү: концерт, оюн-тамашалар, дубал гезиттеринин сынагы ж.у.с. | Кесиптик тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 31. | Мектеп бүтүрүүчүлөрү жана алардын ата-энелери үчүн **Ачык эшиктер күнүн** өткөрүү. | 2025-ж. 14.05. | Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, бардык окуу бөлүмдөрү, Маданий-эстетикалык борбор. | Массалык-маалымат каражаттарына, Жалал-Абад шаарынын, областынын, Ош областынын жакынкы райондорунун бардык мектептерине алдын ала жарыя берүү. | Кесиптик багыт берүү иш-аракеттери. |
| 32. | **Кыргыз Республикасынын Энелер күнүн** белгилөө: майрамдык концерт. | 2025-ж. май айынын экинчи жекшембиси | Кесиптик кошуун комитетинин төрагасы, Маданий-эстетикалык борбор, Жаштар иштери боюнча комитет, Аялдар кеңеши. | Куттуктоочу транспаранттарды, дубал гезитин даярдоо, салтанаттуу чогулушту өткөрүү, ардактуу энелерди куттуктоолор ж.у.с. | Адеп-ахлактык тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 33. | **Экологиялык туризмди уюштуруу:** Жалал-Абад курорту, Кара-Алма, Арстанбап ж.б. жаратылыш комплекстерине барып келүү. | 2025-ж. май ичи | Окуу тайпаларынын кураторлору. | Экологиялык объектилер боюнча маршруттарды алдын ала аныктоо. | Экологиялык тарбия боюнча иш-чаралар. |
| 34. | **31-май – Тамеки чегүү менен күрөшүүнүн эл аралык күнүн** белгилөө. | 2025-ж. 31.05. | ЭАМК дирекциясы, Маданий-эстетикалык борбор, медициналык пункт. | Тамеки, спирттик ичимдиктерди жок кылуу, баңгиликтен алыс болуу боюнча дубал газеталарынын көргөзмөсүн уюштуруу, коомдук акцияларды уюштуруу | Сергек жашоо ыңгайын үгүттөө, жайылтуу боюнча иш-чаралар. |
| 35. | **7-июнь – Кыргыз Республикасынын каржы-** | 2025-ж. 7.06. | Экономика жана каржы кафедрасы. | Студенттик конференция, ар кандай сынактар, | Эмгектик жана кесиптик тарбия |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **экономикалык кызматкерлеринин күнүн** белгилөө. | | | викториналар түрүндө, банк жана башка каржы-кредиттик мекемелердин кызматкерлерин чакыруу менен өткөрүлсүн. | боюнча иш-чаралар. |
| 36. | **2010-жылы Ош, Жалал-Абад аймактарындагы июнь окуяларын эскерүү,** улуттук ынтымакты бекемдөө боюнча иш-чараларды өткөрүү. | 2025-ж. 10-июнь | Философия жана табигый илимдер кафедрасы. | Дубал газеталарын чыгаруу, улуттар достугу боюнча үгүт сабактарын, тегерек столдорду өткөрүү. | Улуттар аралык ынтымакты бекемдөө иш-чаралары. |
| 37. | **ЭАУнун 2025-жылкы бүтүрүүчүлөрүнө арналган салтанатты** өткөрүү. | 2025-ж. июндун 1-декадасы | Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор, Маданий-эстетикалык борбордун директору, Жаштар иштери боюнча комитеттин төрагасы, кафедра башчылары, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК директорлору. | Өткөрүү күнүн ректорат менен алдын ала макулдашуу, мыкты бүтүрүүчүлөрдүн тизмесин сыйлоо үчүн алдын ала даярдоо менен. | Массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы. |
| 38. | **Жалал-Абад областынын, шаарларынын уюм-мекемелери, өндүрүштүк ишканалары, туристтик комплекстери, банктык жана финансы-кредиттик уюмдар, укуктук мекемелер боюнча тааныштыруучу экскурсияларды уюштуруу.** | 2025-ж. июндун биринчи декадасы | Карьера жана ишке орноштуруу борбору, ҮАББИ, ЭАКТИ (ЭАКТК), ГЭК, ЭАМК дирекциялары, кафедралар. | Экскурсиялар күнүн жана саатын аталган уюм-мекемелер, ишканалар жетекчилери менен алдын ала макулдашуу менен. | Эмгектик жана кесиптик тарбия боюнча иш-чаралар. |
| **Кураторлор кеңешинин, окуу тайпаларынын кураторлорунун, чарба бөлүмүнүн, жатакана тарбиячыларынын, медициналык түйүндүн иштери** | | | | | |
| 39. | **Окуу тайпасында студенттик өзүн-өзү башкаруу** түзүлүштөрүн уюштуруу. | 2024-ж. сентябрынын биринчи | Кураторлор кеңеши, окуу тайпаларынын кураторлору. | Лидердик касиеттерди эске алуу менен. | Уюштуруу иш-чаралары. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | декадасы | | | |
| 40. | Жетекчиликке берилген **окуу тайпасынын студенттери боюнча маалымат базасын** түзүү. | 2024-ж. сентябрынын биринчи декадасы | Кураторлор кеңеши, окуу тайпаларынын кураторлору. | Маалымат базасы сунуш кылынган тартипте даярдалсын. | Уюштуруу иш-чаралары. |
| 41. | Жетекчиликке берилген **окуу тайпасынын студенттеринин жатаканага жайгаштырылуусун, окуу жараянына, коомдук жана маданий-массалык иш-чараларга катышуусун, ден соолугунун абалын, жүрүш-турушун көзөмөлдөө.** | Дайыма. | Кураторлор кеңеши, окуу тайпаларынын кураторлору. | Ата-энелер менен тыгыз иштөө. | Уюштуруу иш-чаралары. |
| 42. | Студенттердин **окуу акысынын өз мезгилинде төлөнүшүн** камсыздоо. | Дайыма. | Кураторлор кеңеши, окуу тайпаларынын кураторлору. | Эсеп-каттоо иштери, ата-энелер менен тыгыз иштөө. | Каржылык тартипти камсыздоо. |
| 43. | **Студенттерди жатаканага жайгаштыруу:**<br>- жатакана акысын төлөтүү;<br>- секция, бөлмөлөр боюнча ырааттуу жайгаштыруу;<br>- тийиштүү эмерек, төшөктөр менен камсыздоо;<br>- жатаканага жайгашкандарды так тизмелөө;<br>- коопсуздук эрежелери менен тааныштыруу. | 2024-ж. 25-августунан | Чарба бөлүмү, жатакана тарбиячылары. | Ар бир бөлмөнүн инвентаризациялык тизмеси болсун, студенттердин материалдык жоопкерчилиги эскертилсин. | Уюштуруу иш-чаралары. |
| 44. | **Жатаканада жашоо эрежелерин, ички тартипти, коопсуздук техникасын, өрткө каршы коопсуздукту** камсыздоо. | Дайыма. | Чарба бөлүмү, жатакана тарбиячылары. | Студенттер арасында максаттуу иштерди жүргүзүү (түшүндүрүү, текшерүү, көзөмөлдөө ж.у.с.). | Турмуш-тиричилик коопсуздугун камсыздоо багытындагы уюштуруу иш-чаралары. |
| 45. | **Жатаканада жашаган студенттердин убактысынын пайдалуу жана маданияттуу болушун** уюштуруу (маданий- | Дайыма. | Жатакана тарбиячылары, Жаштар иштери боюнча комитеттин төрагасы, жатакананын студенттик | Жатакананын студенттик кеңеши менен биргеликте. | Уюштуруу иш-чаралары. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | массалык, спорттук иш-чараларды өткөрүп туруу менен). | | кеңеши. | | |
| 46. | **Жатакананын санитардык-гигиеналык абалынын талаптарга жооп беришин** камсыздоо. | Дайыма. | Чарба бөлүмү, жатакана тарбиячылары, медициналык түйүн. | Мезгил-мезгили менен атайын текшерүүлөр, кароо-сынактар өткөрүлсүн. | Санитардык-гигиеналык талаптарды аткаруу, уюштуруу иш-чаралары. |

** ЭАУ – К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университет, ЭАКТИ – Эл аралык Кыргыз-Түрк институту, ГЭК – Гуманитардык-экономикалык колледж, ЭАКТК – Эл аралык Кыргыз-Түрк колледжи, ЭАМК – Эл аралык медициналык колледж, ЭАКТЛ – Эл аралык Кыргыз-Түрк лицейи..*

Түзгөн:

Окуудан сырткары иштер, мамлекеттик
тил жана коомчулук менен байланыштар
боюнча проректор, фил.и.к., ЭАУ проф., РМА мүчө-корр. А.С. Жолдошбаев